6. Беляева С.Е. Основы изобразительного искусства и художественного проектирования. Уч. пособ. – М.: Академия, 2007. – 208с., ил.
7. Бостон Э., Хьюз Д. Уютный дом. – М.: ЗАО Издательский Дом Ридерз Дайджест, 2003. – 432с.: ил.

УДК:745.5
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-278-283

**Ирсалиева Нургүл Асанбековна**
И. Арабаев атындагы КМУ, көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасы, ага окутуучу
**Ирсалиева Нургүл Асанбековна**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра ИЗО и дизайна, старший преподаватель
**Irsaliyeva Nurgul Asanbekovna**
KSU I. Arabaev, Department of Fine Arts and Design, Senior Lecturer

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУДА ДЕКОРАТИВДИК СҮРӨТ ТАРТУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ
# РАЗВИТИЕ ДЕКОРАТИВНОГО РИСУНКА В ФОРМИРОВАНИИ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ
# DEVELOPMENT OF DECORATIVE PATTERN IN FORMATION CRETIVE ABILITIES

**Аннотация:** Макалада декоративди прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусство предметиндеги чыгармачылык ой жүгүртүүнү калыптандырууда, декоративдик сүрөт тартуунун ролу талкууланат. Академиялык сүрөттөрдү туура жана чеберчилик менен аткарып, андан кийин гана декоративдик сүрөттү өздүк дизайны менен байланыштырып тартуу каралат. Кесиптик чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруда стилизация - жалпылоо жана жөнөкөйлөштүрүү түшүнүгүнө токтолуп, аны чыгармачылыкта пайдалануу иштери каралат.

**Аннатация:** В статье рассматривается роль декоративной росписи в формировании творческого мышления в предмете декоративно-прикладного искусства. Планируется правильно и умело выполнять академические рисунки, а уже потом совмещать декоративную роспись личным дизайном. Рассмотрено понятие стилизации – обобщения и упрощения в формировании профессионального творчества, а также рассмотренно его использование в творчестве.

**Annotation:** The article discusses the role of decorative painting in the formation of creative thinking in the subject of arts and crafts. It is planned to correctly and skillfully perform academic drawings, and only then combine decorative painting with personal design. The concept of stylization is considered – generalization and simplification in the formation of professional creativity, as well as its use in creativity.

**Негизги сөздөр:** декоративдик сүрөт, композиция, түс тандоо, декоративдик чечим, стилизация, метод, чыгармачылык менен ой жүгүртүү.

**Ключевые слова**: декоративная живопись, композиция, цветовой выбор, декоративное решение, стилизация, прием, творческое мышление.

**Key words:** decorative painting, composition, color choice, decorative solution, stylization, technique, creative thinking.

Азыркы шарттарда прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствосу улуттук көркөм салттарды сактоого жана өркүндөтүүгө багытталган. Бардык чебер адамдардын алдында жаңы милдеттер турат, аларды чечүү мүнкүнчүлүгү жогорку кесиптик даярдыктарды талап кылат.

Улуттук жасалга колдонмо өнөр искусство жаатындагы билим берүүнүн негизги милдети болуп, студенттерди жаны чыгармачылык идеяларга жана бул идеаларды көркөм ишке ашыруунун жаңы ыкмаларына ээ боло турган көркөм буюм жаратуу жөндөмүн өнүктүрүү. Ошондой эле жаңы заманбап буюмдарды жаратууда, чыгармачылык менен иштөө, ойлоп табуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу болуп саналат.

Прикладдык жасалга колдонмо өнөр предмети муундан-муунга өсүп келе жаткан жаш муундарды калыптандырууда, көркөмдөп чыгармачылык иш жасаоодо, чеберчилик ыкмаларын гана өздөштүрүп тим болбостон, чыгармачылык менен ой жүгүртүп, көркөм чыгармачылыктын табиятын түшүнүп, автордун кайталангыс, оргиналдуу, чыгармаларын жасай алышынын керектигинеде [7, 5-б.].

Бул чыгармачылыктын компетентүүлүктөрүн калыптандырууда, декоративдик жасалага колдонмо өнөр искусствосунун технологиясы, түстөрдүү таануу, көркөм материалдарды иштетүү, материал таануу предметтеринен кененирээк окуп таанышып, чыгармачылык менен иштөө, жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу аркылуу ишке ашырылат.

Прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусство предметинин педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүүдө, чыныгы кесипкөй адистерди даярдоодо, чыгармачылык менен окутуунун негизи - окутуунун инновациялык ыкмаларын колдонуу менен байланышкан.

Окутуу методикасында ондон ашык фундаменталдык изилдөөлөр арналган, аларда педагогиканын теориясы боюнча да, айрым предметтерди окутуунун жеке методикасы боюнча да, бир топ иштери жарыкка чыккан. Азыркы учурда педагогикалык адабияттарды окутуунун дидактикалык методдору, эвристикалык методдор (акыл чабуул, эмпатия, эвристикалык суроолор ж.б.) аркылуу ишке ашыруулууда.

Бирок, ошого карабастан, келечектеги көркөм кол өнөрчүлүк сүрөтчү мугалимдер үчүн, декоративдик сүрөт тартуунун теориясын окуп үйрөнүп, аны практикада жүзүндө иштеп чыгуу методикасы актуалдуу бойдон калууда. Студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн калаптандыруунун каражаты катары, декоративдик сүрөт өзгөчө роль ойнойт. [8, 10-б.].

Метод – эң жалпы мааниде максатка жетүү жолу, белгилүү бир жол менен иреттелген иш.

Педметтин максаты - студенттерге азыркы абалдын контексинде декоративдик сүрөт тартуунун өзгөчөлүктөрү, заманбап салтуу прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствосунун өнүгүү келечеги жөнүндө түшүнүгүн өнүктүрүү. Окутуунун натыйжасында - прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствонун ар кандай тармактарындагы талаптарын, иштөө каражаттарын, технологиялык өзгөчөлүктөрүн колдоно билүү.

Чыгармачылык иштерди жасап чыгууда, тематикалык долбоорлорду түзүүдө, декоративдик сүрөт тартуу, окутуу дисциплинасындагы чыгармачылык элементтерди, психологиялык жана педагогикалык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу да чоң роль ойнойт. [3, с.14].

Методологиянын эң маанилүү компоненттери болуп окутуунун мазмуну, ыкмалары жана формалары саналат. Окутуунун мазмунун, формаларын жана ыкмаларын аныктоодо биринчи кезекте прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствосунун конкретүү профилинин, талаптарынан чыгуу керек. Натыйжалуу кесиптик ишмердүүлүктү, чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билимдер жана көндүмдөр, окуу дисциплинасынын мазмунун түзүүгө тийиш. Окулган материалдардын эң маанилүү мүнөздөмөлөрдү анын мазмунуна, татаалдыгына, түзүлүшүнө жараша болот.

Окутуу материалдардын структуралык даражасы, башкача айтканда, анын канчалык системаштарылгандыгы канчалык так, логикалык жана ырааттуу уюштурулушу да, окутуунун ийигилигине олуттуу таасирин тийгизет. Окуу материалдарынын структурасы канчалык жакшы болсо, студенттер аны кабыл алуу жана өздөштүрүү ошончолук жеңил болот. Окуу материалдары студенттерге изилденип жаткан тема боюнча негизги маалыматты гана жеткирбестен, программанын ар кандай бөлүктөрүнүн ортосундагы байланышты жеңилирээк жеткирүүгө, системалуу, ар тараптуу түшүнүктү калыптандырууга жардам бере тургандай уюштуруу керек.

Графика искусствосунун жаатындагы көркөм чыгармачылыктын бир түрү декоративдик сүрөт тартуу мейкиндикте элестетүү аркулуу иштке ашырылат. Деги эле кандай кана чыгарма болбосун ал живопистик, скульптуралык, архитектуралык, декоративдик чыгармалар эстетикалык тарбия берүүдөгү мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийет.

Декоративдик сүрөт тартууда, шартуу декоративдик форма жөнүндөгү билим прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствосу үчүн академиялык сүрөт тартуудан кем эмес мааниге ээ, анткени прикладдык искусстводо ар бир нерсени белгилүү бир көрүүнүчү форманын объектиси катары гана эмес, шартуу түрдө да көрсөтөт. Бул предметтин көзгө көрүнбөгөн формасын жана ички мазмунун символикалык, декоративдик чагылдырууну көрсөтөт [5, с.8].

Декоративдик композицилык сүрөттөрдү тегиздикте чагылдырып тартууда, көзгө көрүнгөн бардык формаларын сызыктардын түрлөрү, ар кандай тактар ошондой эле орнаментүү кылып чагылдырып көрсөтө алат. Кандайдыр бир чыгармачылык ишти аткарууда анын эскизин чийүүдө биринчи сүрөт предметин жакшы өнүктүрүшү керек. Анткени аны өнүктүргөндөн кийин гана ал андан ары улантып кете алуу оңой болот. Сүрөт тартуу окуу дисциплинасынын программасынын негизинде түзүлүп, сүрөт тартуу боюнча аткарылган тапшырмаларга жараша тематикалык ырааттуулукта жайгаштырылат. Андан кийин гана декоративдик прикладдык жасалга колдонмо искусствосундагы ар кандай темадагы иштерге эскиз иштөө каралат.

Декоративдик сүрөт татуунун мазмуну сүрөт предметинин мазмуну менен байланышта болуп ажырагыс ажырымды түзөт. Бирок, бул эки предметтин окутуудагы функциялары ар башка жана башка ролду аткарат. Ал барыдан мурда алардын жалпы кесиптик маданиятын өнүктүрүүгө салым кошуп, алардын келечектеги чыгармачылык үчүн бекем негизди түзүп, үйрөтүү ишинде кесиптик чеберчиликтерин өнүктүрөт.

Декоративдик сүрөт тартуу чыгармачылык кесиптик циклда өзгөчө композицияны, дизайнды, устачылыкты жана башкаларды байланыштырат. Бул учурда декоративдик сүрөт тартуу аркылуу буюмдун дизайнынын түзүүнүн кийинки кадамын билдирет. Бул жерде биринчи кадам-табияттан сүрөт тартуу, ал эми акыркы кадам-салтуу кол өнөрчүлүктүн бир бөлүгүнүн дизайны катары кароого болот.

Декоративдик чиймелердин ар кандай түрлөрүндө табыхый формаларды стилдештирүү, сүрөттөгү графикадык мүнкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу маселелери өзгөчө мааниге ээ. Графикалык мүмкүнчүлүктөрдүн ар түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу, сүрөттөлгөн нерселердин пластикалык жана коолдук өзгөчөлүктөрүн күчөтүүчү графикалык каражаттарды көркөм колдонуу каралат.

Искусстводо декоративдик термин эки мааниде колдонулушу мүнкүн. Биринчи учурда декоративдик сүрөттөлөш эки өлчөмдүү перспективаны колдону менен тегиздикте жасалып, ал объектердин байланышын мисалы: имараттын ички жана сырткы көрүнүшүн ачык көрсөтүлөт. Экинчи учурда декоративдик термин эң оболуу үч өлчөмдүү көркөм образды түзүүгө багытталган көркөм ыкманы билдирет. Ошентип, пано, сайма, витраж, живопись сыяктуу чыгармалар декоративдик болуп саналып, ал буюмдарды, кийимдерди, китептерди, журналдарды ж.б. чыгарууда ал гармония жана толуктукту берүү үчүн кызмат кылат[4, с.12].

Ошондой эле декоративдик чыгармалар жыгач, таш, сөөк, жана башка материалдарга оюлуп, жонуп түшүрүлүшү жасалышы мүнкүн. Тегиздикте жасалаган композиция көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү болуп саналат. Композиция - көркөм чыгарманы бириктире турган бөлүктөрүнүн түзүлүшү, катышы. Толугу менен бүткөн декоративдик композиция өз алдынча көркөм чыгарма катары эсептелинип, ал аркылуу көркөмдөп жасалгаланып, ойлорун жана сезимдерин чагылдырышат. Искусствонун бардык түрлөрү үчүн композициялык чыгармаларды көрүү, кабыл алуусунда чечүүчү ролду ойнойт.

Чыгарманын стили жана багыты кандай болбосун, аны жаратууда эң биринчи маселе - композицияны туура түзүү, динамика жана статика кыймылды түзүү каралат. Композицияда жетишпеген жана ашыкча эч нерсе болбошу керек. Ар бир буюмдун өзүнүн орду, өңү, түсү, тону тандалып бардык бөлүктөрү ырааттуу жана бир бүтүнгө баш ийүүсү зарыл [6, с.21].

Ошентип, башка искусстволордун катарында, бир жагынан декоративдик сүрөт, экинчи жагынан, элдик кол өнөрчүлүк искусствосу композициянын мыйзамына баш ийет. Прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствонун дисциплинасында декоративдик сүрөт тартууда композициянын мыйзамдарын биринчи кезекте кабыл алышы керек. Жалпы композициялык мыйзамдар менен таанышкандан кийин студент бир катар өзгөчөлүктөргө ээ болгон декоративдик композициянын принциптери менен кеңири таанышыт.

Графикалык декоративдик сүрөттөөнүн тарыхый өнүгүү процессинде кээ бир универсиалдуу мыйзамдар принциптер жана композициянын эрежелери да калыптанат. Бул принциптер жана эрежелер, алардын сакталышы формаларда бүтүндүк, гармония жана тең салмактуулук сыяктуу касиеттери кызмат кылат. [2, с.34].

Өзүнүн эстетикалык өзгөчөлүгү боюнча декоративдик сүрөт прикладдык искусствого, элдик көркөм өнөргө мүнөздүү нерселерди жана буюмдарды эстетикалык жактан кабыл алуу абдан жакын. Айрыкча, образдардын жалпыланышы жана курчтугу бардык элдик чыгармачылыкка мүнөздүү, мында сүрөттөлгөн нерсе чоңойтулуп, бүтүн, майда-чүйдөсүнө чейин кабыл алынат.

Декоративдик сүрөттөрдү тартуу көндүмдөрүнө ээ болуу үчүн, негизинен, калем менен иштөө керек, анткени аны менен иштөө өзгөчө жоопкерчиликти жана ишенимдүү ишти талап кылат. Декоративдик сүрөттөөдө автор айлана –чөйрөөдөн алган чиймесинин негизинде өз алдынча декоративдик чечимди түзүүдө өз алдынча мааниге ээ болот.

Декоративдик мүнөздөгү сүрөттөр жасалга колдонмо өнөрүндөгү нерселерди, буюмдарды кооздоо үчүн кызмат кылат. Негизинен декоративдик искусство менен байланышкан композициялар бар, мында бүтүндүк жана ритмикалык уюштурулушу өтө маанилүү.

Стилизация – бул фигураларды оюм-чийим жана түс жагынан жалпылоо жана жөнөкөйлөштүрүү, фигураларды оюм-чийимге ыңгайлуу формага келтирүү. Стилдешитрилген формалар дизайндын, монументалдык искусствонун каражаты болуп саналат. Акырында стилицация мольберттик искусстводо декоративдүүлүктү жогорулатуу үчүн колдонулат.

Абстракция - декоративдик стилизацияга мүнөздүү, сүрөттөлгөн объекттин маңызын чагылдырган олуттуураак бөлүкчөлөргө көңүл буруу үчүн сүрөтчүнүн көз карашы боюнча анча маанилүү эмес. Декоративдик стилдештирүү менен композициянын архитектуралык принцибине жооп беришин камсыз кылууга умтулуу керек, айрым бөлүктөр менен элементтердин ортосундагы байланыштар системасын чыгарманын бирдиктүү бүтүндүгүн куруу зарыл.

Стилизациянын салттуу прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусство жаатындагы ролу өтө маанилүү, анткени ал толугу менен стилизациялык жактан ажырагыс, эстетикалык маанидеги чыгарманы жаратууга негизделген. Ар кандай кооздуктагы композициялар үзгүлтүксүз курулуп, аларда өнүккөн мотивдер маанилүү роль ойнойт, алардан оймо-чиймелер курулат. Бүт оюм-чийимдин түзүлүшү композицияда мотивдердин канчалык экспресивдүү сүрөттөлүшүнө жараша болот.

Декоративдик жасалгалоонун мүнөзү биринчиден, анын композициядагы абалын жана композициянын үстөмдүк кылуучу, борбордук элементи болобу, же экинчи даражалуу болобу, анын композициялык бүтүн үчүн аткарган пластикалык ролуна көз каранды. Мисалы: натрюмортто композициянын борбордук өзөгүн түзгөн буюмдар үстөлдүн фонунда же тегиздигине карата, же портретте баш, колдор кийимге же айлана-чөйрөгө карата, кайсы объекттерде, ар кандай өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү ылайыктуу, кайсыл абстрактуу декоративдик элементтер, объектинин формасын, анын пластикалык өзгөчөлүктөрүн, масштабын эске алуу зарыл.

Кандайдыр бир декоративдик нерселердин же буюмдун элементтерин иштеп чыгууда, жасалгалоочу элементтин композициясы жасалган материалдан, ошондой эле объект тартылган фондун тон каныккандыгынан көз каранды. Өсүмдүктөр жана анын формаларын иштетүү маселелери көрсөтүлгөн композициянын принциптери менен тыгыз байланышта. Бул жерде композициянын экспресивдүүлүгүнө таасир эткендиктен, декоративдик иштетүү даражасы маанилүү роль ойнойт.

Декоративдүү иште анын композициялык, пластикалык жана тондук чечилиши, ошондой эле профессионалдуу аткарылышы жана көрүүчүгө туура көрсөтүлүшү абдан маанилүү. Бул сүрөттөлгөн нерселердин бардыгы декоративдик сүрөт тартууда чыгармачылык компонент канчалык деңгээлде мүнөздүү экенин, бул компонент келечектеги прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусствосун окутууда, окуу планынын дисциплиналарынын мазмуунун кантип бириктирип, бекем профессионалдык базаны түзөөрүн баса белгилөө үчүн арналган келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандыруу каралды.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бардина Р.А. Изделия НХП и сувениры: учебник для ПТУ / Р.А. Бардина. – 4 изд., перераб. и доп. – М.: Высшая школа, 1990. – 302 с.: илл.
2. Бесчастнов Н.П.Черно-белая графика: Учебное пособие / Бесчастнов Н.П. – Москва: Владос, 2012. – 271 с.
3. Бредник Т.О. Основы художественного проектирования костюма и эскизой графики / Т.О. Бредник – Ростов н\Д, 2002. – 320 с.
4. Герчук, Ю.А. Что такое орнамент? / Ю.А. Герчук – М., 1998. – 302 с.
5. Звонцов В.М. Основы понимания графики / В.М. Звонцов – М.: 1963. – 62 с.
6. Кулебакин Г.М. Рисунок и основы композиции / Г.М. Кулебакин. – 3-е изд., М.: Высшая школа, 1983. – 128 стр.
7. Максимович В.Ф. Исторический аспект и современное состояние образования в области народной художественной культуры России [Текст]: [Моск. шк. художеств. ремесел]/ В.Ф. Максимович // Профессионал. -2001.
8. Рождественская С.Б. Русская народная художественная традиция в современном обществе / С.Б. Рождественская. – М.: Наука 1981. – 207 с.

УДК:787.37.025(712.54)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-283-288

**Корпобаева Мариям Керималиевна**
Жумамүдүн Шералиев атындагы №6 балдар музыкалык искусство мектеби, окутуучу
**Корпобаева Мариям Керималиевна**
Детская музыкальная школа искусств №6 им. Жумамүдүна Шералиева, педагог
**Koprobaeva Mariam Kerimalievna**
Children's music school of arts №6 named after Zhumamudun Sheraliev, teacher

## ИМПРОВИЗАЦИЯ - КЫРГЫЗ САЛТТУУ КОМУЗ КҮҮ МУЗЫКАСЫНДАГЫ ӨНҮГҮҮ ПРИНЦИПТЕРИ
## ИМПРОВИЗАЦИЯ КАК ПРИНЦИП РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ КОМУЗНОЙ МУЗЫКИ
## IMPROVISATION AS A PRINCIPLE FOR THE DEVEIOPMENT OF KOMUZ MUSIC

**Аннотация:** Макалада импровизациянын ролу жөнүндө сөз болот. Ошондой эле "Манас" эпосунун жана комузга арналган музыканын мисалында экспрессивдүүлүктүн каражаты катары импровизацияга басым жасалат.

**Аннотация:** В статье рассматривается вопрос о роли импровизации. Основное внимание уделяется в ней на импровизации как средство выразительности на примере эпоса «Манас» и музыки для комуза.

**Annotation:** The article deals with the issue of the role of improvisation in the development of the komuz music of the oral tradition, it rocuses on improvisation as a means expressiveness on the example of the epic «Manas» and music ror komuz.

**Негизги сөздөр:** Импровизация, вариант, инвариант, импровизациянын вокалдык түрү, импровизациянын аспаптык түрү.